Математика жана информациялык технологиялар факультетинин ИСТ(б)-1-16 тайпасынын кураторлук саатынын

**№2 ПРОТОКОЛУ**

*21-октябрь, 2019-жыл.*

*Куратор:* Н. Абдирайимова
*Катчы:* Мухамидин кызы Майрамкан
*Катышкандар*: ИСТ(б)-1-16 тайпасынын студенттери

*Күн тартиби:*

1. Студенттердин сабактарга катышуусун жана жетишкендиктерин көзөмөлдөө.
2. Студенттердин жана алардын ата-энелери боюнча маалыматтар базасын жаңылоо.
3. Ар түрдүү маселелер.

**4. Ар түрдүү маселелер**
2019-2020-окуу жылында ИСТ багыттары боюнча “Негизги билим берүү программаларын” мазмунун талкуулоо.

*Н. Абдирайимова (куратор):* 2019-2020-окуу жылында ИСТ багыты боюнча түзүлгөн НББПга иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн жана ата-энелердин сунуштары боюнча жана өлкөбүздө 2019-жыл «Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы» деп жарыялангандыгына байланыштуу өзгөртүүлөрдү киргизилди. Тактап айтканда 1-2-максаттарга жана 12-окутуунун натыйжасына өзгөртүүлөр киргизилди:

*М2. IT технология жана экономика багытында тереңдетилген атайын кесиптик билимдерди, заманбап илимий баалулуктарды калыптандырууда сапаттын кепилдигин камсыздоо менен илимий-изилдөө иштерин жүргүзө алууга жана жаңы информациялык технологияларды иш жүзүндө колдоно алууга, региондорду өнүктүрүүгө жана санариптештирүүгө салым кошууга даярдоо;*

*М3. Илимдин жана техниканын жетишкендиктерин колдонуу менен бүтүрүүчүлөргө ишмердүүлүк чөйрөдөгү маселелерди чечүү, информациялык, экономикалык жана банк системаларындагы процесстерди иштетүүнүн моделдерин жана алгоритмдерин түзүү, аларды долбоорлоонун ыкмаларын жана методдорун колдоно алуу, информациялык системаларды жана тармактарды программалык камсыздоо, инструменталдык тейлөө технологияларын өздөштүрүү менен иштете алуу, региондорду өнүктүрүүгө жана санариптештирүүгө салым кошуу жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу.*

*ОН-12: Мамлекеттин өнүгүшүнө салым кошуу ишмердүүлүгү: активдүү граждандык позицияда болууга, граждандык демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизиндеги диалогко жана экономикалык эффективдүүлүгүн эсептөө менен өнүгүшүнө, региондорду өнүктүрүүрүүсүнө жана санариптештирүүсүнө салым кошууга жөндөмдүү.*

Биздин окуу-тарбиялык иштерибиздин баары НББПсынын негизинде жүргүзүлөт. Ошондуктан силер НББПдагы өзгөрүүлөрдү билүүңөр зарыл деп эсептейм.

Тайпанын студенттери куратор тарабынан НББПда жүргүзүлгөн өзгөрүүлөр боюнча маалыматтарды алышты.

Кеңешме маселени угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

2019-2020-окуу жылында ИСТ багыты боюнча түзүлгөн НББПда жүргүзүлгөн өзгөрүүлөр боюнча маалыматтарды алышты жана ал өзгөрүүлөр боюнча таанышып чыгышты.

*Куратор:* Н. Абдирайимова

*Катчы:* Мухамидин кызы Майрамкан